***DOI:10.26104/NNTIK.2023.84.33.025***

***Раимбердиев Б.С., Дамирбек кызы Г.***

# КЫРГЫЗСТАНДА ЭКОЛОГИЯЛЫК ЭСЕПТИ ӨНҮКТҮРҮҮ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

***Раимбердиев Б.С., Дамирбек кызы Г.***

# ПРОБЛЕМЫ РАЗВИТИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО УЧЕТА В КЫРГЫЗСТАНЕ

***B. Raimberdiev, Damirbek kyzy G.***

# PROBLEMS OF ENVIRONMENTAL ACCOUNTING DEVELOPMENT IN KYRGYZSTAN

*УДК: 339.137:22(575.2) (04)*

*Акыркы убакта дүйнө жүзү боюнча экономиканын экологиялык багыттагы трансформациясы жүрүп жатат, ошонун негизинде бул технологиялык инновациялар айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирин азайтууга тийиш экендиги баарыбызга белгилүү. Чарбалык субъекттердин айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин баалоо, ошондой эле ишкананын жаратылышты коргоо ишинин натыйжалуулугун талдоо жана контролдоо бүгүнкү күндүн суроо-талабы. Макалада азыркы учурдагы өлкөдөгү экологиялык абал, ошону менен бирге экологиялык эсепти жана экологиялык отчеттуулукту ата мекендик ишканаларды киргизүү жана жайылтуу каралды. Ошону менен бирге, азыркы мезгилде Кыргызстан экологиялык абалы жана экосистемалардын жашоого жөндөмдүүлүгү боюнча анализ жүргүзүлдү жана жаратылышка ишканалардын жана адам баласынын тийгизип жаткан терс таасирлерин азайтууга болгон сунуштар берилди. Ушул макаланын негизги максаты экологиялык эсеп экономикалык субъекттердин ишмердүүлүгүнүн заманбап шарттарында өнүгүүнү камсыз кылууга кандайча өбөлгө түзө аларын аныктоосу каралды.*

***Негизги сөздөр:*** *экология, экологиялык эсеп, экологиялык чыгымдар, экологиялык отчеттуулук, финансылык эсе, башкаруу эсеп, ишкана.*

*В последнее время во всем мире происходит экологически ориентированная трансформация экономики, на основе которой мы все знаем, что эти технологические инновации должны уменьшить негативное воздействие на окружающую среду. Оценка воздействия хозяйствующих субъектов на окружающую среду, а также анализ и контроль эффективности природоохранной деятельности предприятия являются востребованными на сегодняшний день. В статье рассматривается текущая экологическая ситуация в стране, а также внедрение и внедрение отечественных предприятий экологического учета и экологической отчетности. Вместе с тем, в настоящее время проведен анализ экологической ситуации в Кыргызстане и жизнеспособности экосистем и даны рекомендации по снижению негативного воздействия предприятий и человека на природу. Основной целью данной статьи является определение того, как экологический учет может способствовать обеспечению развития экономических субъектов в современных условиях их деятельности.*

***Ключевые слова:*** *экология, экологический учет, экологические расходы, экологическая отчетность, финансовый учет, управленческий учет, предприятие.*

*Recently, an environmentally oriented transformation of the economy has been taking place all over the world, on the basis of which we all know that these technological innovations should reduce the negative impact on the environment. Assessment of the impact of economic entities on the environment, as well as analysis and control of the effectiveness of environmental protection activities of the enterprise are in demand today. The article examines the current environmental situation in the country, as well as the introduction and implementation of domestic enterprises of environmental accounting and environmental reporting. At the same time, an analysis of the environmental situation in Kyrgyzstan and the viability of ecosystems has been carried out and recommendations have been made to reduce the negative impact of enterprises and humans on nature. The main purpose of this article is to determine how environmental accounting can contribute to the development of economic.*

***Key words:*** *ecology, environmental accounting, environmental costs, environmental reporting, financial accounting, management accounting, enterprise.*

**Киришүү.** Кыргызстан өнүккөн өнөр жай өлкөлөрүнүн бири эмес, бирок жер шаарынын 200 приоритеттүү экологиялык региондордун катарына кирет жана Борбор Азиядагы өскөн өсүмдүктөрдүн бардык түрлөрүнүн жарымына жакыны Кыргызстанда кездешет.

Ошону менен бирге, азыркы мезгилде Кыргызстан жаратылышы салыштырмалуу жакшы сакталган дүйнөдөгү өлкөлөрдүн бири бойдон калууда. Андыктан, азыркы күндө бул жаратылыш жок болуу коркунучу дагы эле бар: таштанды жаратылышка чачылып, абанын булганышы, жалпы эле Кыргызстандын калкынын жерге жана жаратылышка карата жоопкерчиликтүү жана аңсезимдүү мамилеси дайыма эле боло бербестигин бүгүнкү күндөгү көрүнүш далилдейт. Эгер Кыргызстан адамдардын шалаакылыгынын жана туура эмес башкаруунун курмандыгы болуп калса, бул чындыгында өлкө үчүн чоң жоготуу жана азап болмок. Андыктан, бул экологиялык көйгөйлөр ишканалардын ишмердүүлүгүнө, финансылык абалына, келечекте иштөө мүмкүнчүлүгүнө түздөн-түз таасирин тийгизет.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргызстанда экологиялык эсептин жана экологиялык отчеттуулукту киргизүүнүн маселелеринин абалы, ошондой эле курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө таасирин аныктоо максатында кызыкдар болгон пайдалануучулар үчүн экологиялык отчеттуулукту түзүү.

**Материалдар жана изилдөөнүн ыкмалары.** Изилдөөнүн объектиси болуп ишканалардын экологиялык эсеби жана экологиялык отчеттуулугу саналат.

Бүгүнкү күндө, эксперттердин көз карашы боюнча кыргыз экологдорунун ой санаасын тынчсыздандырган беш экологиялык көйгөйдү баса белгилейли:

1. Суу ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу жана булгоо;
2. Климаттын өзгөрүшү;
3. Таштандыларды башкаруу саясаты;
4. Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо;
5. Абанын булганышы.

Тагыраак айтканда, экологиялык чөйрөдө кооптондурууучу жагдай бүгүнкү күндө түзүлүүдө. Экологиялык натыйжалуулук индексинин (EPI) рейтингине ылайык, Кыргызстан экологиялык абалы жана экосистемалардын жашоого жөндөмдүүлүгү боюнча 180 өлкөнүн ичинен 126-орунда жана биологиялык ар түрдүүлүк боюнча 97-орунда турат [1] (1-чийме).




**1-чийме.** Кыргызстан экологиялык натыйжалуулук индекси боюнча.
***Булагы:*** *Yale Center for Environmental Law and Policy:Environmental Performance Index.*

Талдоо көрсөтүп тургандай жыл сайын Йель Университетинин экологиялык саясат жана Укук борбору тарабынан дүйнөдөгү эң экологиялык таза өлкөлөрдүн рейтингинин негизинде Кыргызстан 6-жыл аралыгында 71-орундан 126-орунга түшкөн (73,13 – 35,7 индекси ). Бул талдоодо индекс 32 көрсөткүчтүн негизинде 11 категориядагы экологиянын абалы жана жаратылыш ресурстарын башкаруу көз карашынан өлкөнүн жетишкендиктерин өлчөп, алар курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн абалынын жана анын экологиялык системаларынын жашоо жөндөмдүүлүгүнүн ар кандай аспектилерин, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоону, климаттын өзгөрүшүнө каршы турууну, калктын ден соолугунун абалын, экономикалык иштин практикасын жана анын айлана-чөйрөгө тийгизген таасиринин деңгээлин, ошондой эле экология жаатындагы мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун чагылдырат. Демек, биз 6- жыл аралыгында 55 кадам артка шилтеп, мамлекет тарабынан экологиялык жаатында аракеттер кылынганы менен, бирок, натыйжалуу орчундуу эч кандай натыйжа жоктугу көрүнүп турат.

Экологиялык көйгөйлөр адамзатка тийгизген терс таасиринин терењдиги жана катастрофалык кесепеттери боюнча эч кандай көйгөйлөр менен салыштырууга болбойт. Азыркы учурда Кыргызстанда жаратылыш тең салмактуулугун курчап турган чөйрөгө минималдуу зыяндуу таасирлер жагын карап, эске ала турган чарба жүргүзүүнүн мындай ыкмалары иштелип чыккан эмес. Ошондуктан атмосферага көмүр кычкыл газынын чыгарылышын баалоону экологиялаштыруу, чыгарууларды азайтуу сертификаттарын эске алуу, экологиянын абалы жана жаратылыш ресурстарын башкаруу боюнча чараларды көрүү зарыл. Демек, өндүрүш ишканалары калдыктарды айлана-чөйрөгө ыргытып, тирүү жаратылышка зыян келтиришүүдө.

Ошонун негизинде ишканалар экологиялык чөйрөгө келтирилген зыянды ар кандай жаратылышты коргоо иш-чараларын жүргүзүү жолу менен жоюуга милдеттүү, бирок, бул көп чыгымдарды талап кылат. Экологиялык эсеп түшүнүгү абдан татаал, анткени, «экологиялык» термини өзүнөн өзү эле көп мүнөдүү болуп саналат: айрымдар аны табигый кубулуштардын контекстинде гана чечмелешсе, башкалары, тескерисинче, ага социалдык чөйрөнү да камтыйт.

Андыктан, экологиялык бухгалтердик эсептин көйгөйлөрүнүн бири экологиялык чыгымдарды эсепке алуунун жетишсиз иштелип чыккан методикасы, ишкананын чыгашалар түзүмүндө жоготууга алып келет. Бул ишкананын экологиялык чыгымдарды эсепке алуу жана талдоо маселесин изилдөө үчүн негизги себеби болуп саналат. Бул маселелерди ишкананын деңгээлинде чечүү үчүн иштелип чыккан негизги курал экологиялык эсепти киргизүү болуп саналат.

Демек, курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча иш-чаралар гана экологиялык эсепте чагылдырылат,

ал эми жалпысынан ишкана боюнча бирдиктүү экономикалык организм катары караган каржылык эсеп жүргүзүлөт. Ишканалар айлана-чөйрөнү эсебин ишке ашыруу үчүн 2 жалпы ыкманы колдонушуп келүүдө: финансылык эсеп жана башкаруучулук эсеп.

Финансылык эсеп-бул инвесторлорго, кредиторлорго, башкаруу органдарына жана коомчулуктун башка мүчөлөрүнө көрсөтүү үчүн пайда жана зыян отчет сыяктуу финансылык отчетторду даярдоо процесси эсептелет.

Ал эми башкаруу эсеби ички чечимдерди кабыл алууда, башкаруучулук эсеп чыгымдар пайда болгон жерлерде, рынок сегменттери, жоопкерчилик борборлору боюнча жүргүзүлөт. Ушундан улам экологиялык эсеп – бул жаратылышты коргоого кеткен чыгымдарды, жаратылыш активдерин, экологиялык фонддорду, резервдер жана милдеттенмелерди, ошондой эле чарбалык субъекттердин ишмердүүлүгүн башкаруу жана ишкананын экологиялык потенциалын аныктоо максатындагы чагылдырылган байкоо процесси эсептелет.

Отчеттун мазмуну, мезгилдүүлүгү жана берүү мөөнөтү биз караган бардык эсептин системалары үчүн ар түрдүү. Экологиялык маалыматтардын эсебинин теориялык моделин түзүү эсептик маалыматты калыптандыруу үчүн зарыл, бул бухгалтердик эсеп системасында экологиялык, башкаруу, каржылык эсептердин бири-бири менен байланышын изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Экологиялык эсеп ишканада колдонууда финансылык эсептин эрежелерине ылайык жүргүзөт. Ошону менен бирге, бухгалтердик эсепте чагылдырылган чарбалык иш-фактылардын жыйындысы болуп саналат. Бул учурда, экологиялык эсеп финансылык отчеттун бир бөлүгү катары берилгени менен, бирок башкаруу чечимдерин кабыл алууда экологиялык чыгымдар жөнүндөгү маалыматтар туура чечим кабыл алууга зор өбөлгө болот (1-сүрөт).




**1-сүрөт.** Экологиялык эсептин финансылык, башкаруу эсептери менен байланышы.

Экологиялык эсеп – бул айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ишкердик чечимдеринин чыгымдарын эсептөө үчүн салттуу бухгалтердик эсеп жана каржы принциптерин колдонуу практикасы [2].

Ал эми Т.Г. Содномбалова экологиялык эсепти төмөндөгүдөй аныктайт: «Экологиялык эсеп – физикалык же акчалай көрсөткүчтөр аркылуу экологиялык маалыматтарды уюштуруу, башкаруу жана индекстөө системасы эсептелет» [3]. Демек, экологиялык эсеп экономикалык жана экологиялык маалыматты камтууга багытталган бухгалтердик эсептин чыныгы бөлүмдөрүнүн бири болуп саналат.

Экологиялык эсептин негизги милдети – бул башкаруу, экологиялык пландаштыруу жана контролдоо болуп саналат. Ал эми экологиялык эсептин максаттары жана милдеттери субъекттин экологиялык саясатына шайкеш келет. Экологиялык программа максаттарды жана милдеттерди, жаратылышты коргоо иш-чараларынын тизмесин, пландаштырылган экономикалык көрсөткүчтөрдү, милдеттерди аткаруу мезгилдерин камтыйт.

Ушундан улам экологиялык эсептин негизги принциптерин экологиялык эсептин калыптанышын талдоонун негизинде формулировкалоого болот. Ата мекендик көпчүлүк ишканалар экологиялык талаптарды эске албастан киреше алууну пландаштырууда. Өндүрүштү экологизациялаштыруу бул – айлана-чөйрөнү коргоо чаралары менен экологиялык таза продукцияны жактырган керектөөчүлөрдү аныктоо менен байланышат. Демек, биз ишканаларга экологиялык эсепти киргизүүдө бир гана мамлекеттен колдоо күтпөстөн, ар бир керектөөчүлөрдүн ишканалардан экологиялык таза продукцияны талап кылуусунун негизинде бул иш чаралар аткарылышы мүмкүн деген ойдобуз.

Азыркы учурда бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жөнгө салууда экологиялык аспекттери, эсепке алуу терминологиясы, эсепке алууну экологиялаштыруунун комплекстүү методикасы, отчеттуулукта экологиялык маалыматты ачууга карата талаптар кандайдыр бир деңгээлде системасыз чагылдырылат. Демек, ушундан улам ишканалардын маалымат системасынын курамдык бөлүгү катары бухгалтердик эсептин экологиялык аспектилерин карап чыгуу зарылдыгы келип чыгат.

Азыркы интегрция шарттарында Кыргызстан

ФОЭСке өтүү менен көптөгөн ишканаларда экологиялык саясатты иштеп чыгуу, комплекстүү программасын ишке ашыруу, курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иш-чараларды пландаштыруу, финансылык аспектилерди талдоо жана экологиялык текшерүүлөрдү жүргүзүү практикаланып келет. Бирок, ушул кезге чейин ишканалардын жаратылышты пайдаланууну жана жаратылышты коргоо ишмердигин эсепке алуунун бардык компоненттерин камтыган (экологиялык милдеттенмелерди, экологиялык натыйжаларды эсепке алуу жана экологиялык отчеттуулукта чагылдыруу) мындай стандарттар жана эрежелер иштелип чыккан эмес. Демек, экологиялык эсепти киргизүү үчүн экологиялык эсептин методологиясын, эрежелерин иштеп чыгуу жана теориялык жактан негиздөө зарыл экендигин баса белгилөө керек.

Экологиялык эсептин негизги милдети ар кандай элементтерди бириктирген ишкананы башкаруу системасын иштеп чыгуу:

- максатты аныктоо;
- маалыматты калыптандыруу, контролдоо;
- пландаштыруу;
- маалыматты башкаруу;
- экологиялык жаатында башкаруу чечимдери үчүн сунуштарды карап чыгуу [4].

Ата мекендик авторлордун эмгектеринде экологиялык эсепти уюштуруу маселелери жетиштүү чагылдырылган эмес. Экологиялык эсепти уюштуруу менен өз ара байланышкан үч компонентти аныктоо керек: маалыматтык камсыздоо, максат, тапшырма. Бухгалтердик эсептин илимий методдорунун, эрежелеринин жана принциптеринин жардамы менен экологиялык багыттагы эсепти маалыматтык камсыз кылууга жетишилет. Көптөгөн элементтерди камтыган белгилүү бир уюштуруу-методикалык негизде, экологиялык эсепти уюштуруу маселелери келип чыгат жана алар эсептин биримдигинин бүтүндүгүн түзөт.

Дагы бир жагдай, эгерде бухгалтердик документтерде экологиялык милдеттенмелер жөнүндө маалымат берилбесе, инвесторлордун финансылык отчеттуулукка болгон ишенимин төмөндөтүүшүн, батыш капитал рынокторунан каржылоону көбөйтүүнү каалаган ата мекендик ишканалар так, даана билишет. Натыйжада, мындай милдеттенмелерден шек санаган, бирок алар тууралуу толук жана так маалыматы жок инвесторлор тобокелдиктин жогорулашынан улам биздин ишканалар үчүн капиталдын наркын сөзсүз жогорулатат.

**Тыянак.** Экологиялык эсептин чектерин кеңейтүү ишканаларга жаратылышты коргоо ишмердигинин ар кандай аспектилерин, атап айтканда, айлана-чөйрөгө таасир этүү деңгээлин толугураак жана объективдүү кароого мүмкүндүк берет. Мунун натыйжасында ишканалар айлана-чөйрөгө ашыкча зыяндуу таасир тийгизүү коркунучун өз убагында аныктап, зарыл чараларды өз убагында көрүшөт, ошону менен ишкананын өндүрүшүнүн экологиялык тазалыгын аныкташат. Ошону менен бирге, экологиялык эсепти жана отчеттуулукту колдонуунун негизинде жаратылышты коргоо ишинин негизги аспектилери, экологиялык жана өнөр жай коопсуздугунун абалы, ишканадагы жана бүтүндөй жеткирүү тизмеги боюнча экологиялык маданияттын деңгээли жөнүндө оперативдүү жана ишенимдүү маалымат алууга, жаратылышты пайдалануу жана экология жаатында кабыл алынган башкаруу чечимдеринин негиздүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет деп ишенебиз.

Акыркы убакта дүйнө жүзү боюнча экономиканын экологиялык багыттагы трансформациясы жүрүп жатат, бул технологиялык инновациялар айлана-чөйрөгө жана бүтүндөй тармакка терс таасирин азайтууга тийиш экендигине көңүл бурат. Ошону менен бирге, бул чөйрөдөгү илимий жана практикалык изилдөөлөрдүн бардык тажрыйбасын колдонуу менен, айлана-чөйрөнү коргоого багытталган ишкананын милдеттенмелери жана чыгымдары ошол ишкананын бухгалтердик эсебинде пайда болгон финансылык абалды баалоо үчүн чоң мааниге ээ деген тыянак чыгарууга болот.

Биз, экологиялык эсепти чарбалык субъекттин бухгалтердик эсебинин өз алдынча багыты катары мүнөздөйбүз жана бухгалтердик экологиялык эсепти киргизүү менен бирге ишкананын экология жаатындагы иш-чараларынын экономикалык натыйжалуулугун так аныктоого мүмкүндүк берет деп эсептейбиз.

Демек, экологиялык эсеп бухгалтердик эсепти тиешелүү экологиялык маалымат менен камсыз кылат. Ал эми сапаттуу бухгалтердик экологиялык маалымат башкаруу чечимдерин кабыл алууга олуттуу таасирин тийгизет.

**Адабияттар:**


1. Yale Center for Environmental Law and Policy: Environmental Performance Index.
2. Козлова В.Я. Бухгалтерский учёт операций по охране окружающей среды / В.Я. Козлова, Г.П. Бессонова // Theoretical and Practical Aspects of Economics and Intellectual Property. 2014. С. 216-220.
3. Содномбалова Т.Г. Экологический учет в реализации устойчивого развития железнодорожного транспорта // Экономика: вчера, сегодня, завтра. 2022. Том 12. №7А. - С. 238-246. DOI: 10.34670/AR.2022.78.19.026
4. Саенко К.С. Инновационный и экологический учет: предпосылки и общие принципы их становления и развития // Аудит и финансовый анализ. 2007. № 5. С. 10-11.